**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, ЭТНОЛОГИЯ ЖАНА АРХЕОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кенеш Д 07.23.671**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 930.1:130.2(575.2)(043.2)**

**Атыканова Джамиля Аскарбековна**

# Суверендүү Кыргызстандагы ММКда этникалар аралык мамилелерди чагылдыруу тарыхы (1990-2010 жж.)

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек 2024**

Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги Тарых жана чөлкөм таануу институтунун Кыргызстандын тарыхы кафедрасында аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Арзыматова Айнура Атыгаевна**<br>тарых илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин Европа жана Америка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттери:** | **Болпонова Асыл Бакытбековна**<br>тарых илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу кафедрасынын доценти<br><br>**Алымкулов Карыбек**<br>тарых илимдеринин кандидаты, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценти |
| **Жетектөөчү мекеме:** | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Гуманитардык жана коомдук илимдер кафедрасы: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов пр., 66. |

Диссертациялык иш 2024-жылдын 28-июнунда саат 15.00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.23.671 диссертациялык кенештин жыйынында жакталат. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: http://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр., 394) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (720071, Бишкек ш., Чуй пр., 265а), илимий китепканаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын: https://vak.kg/d_07_23_671// сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылы 28-майда таркатылды.

**Диссертациялык кенештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору, доцент** **Карыева А. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Бүгүнкү күнгө чейин этникалар аралык мамилелердин тарыхын Кыргызстандын массалык маалыматтар каражаттарынын сыдыргысы аркылуу кароо жана илимий изилдөө жүргүзүлө элек.

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу алды менен 1990 – 2010жж. чейинки мезгилдеги ММКда чагылдырылган этникалар аралык мамилеменен шартталат. Дал ушул хронологиялык мезгил зор изилдөө кызыкчылыгын жаратат, анткени 1990 ж., июнда Кыргызстандын түштүгүндө кеңири масштабдагы этникалар аралык конфликт башталып, ал СССРдеги тектоникалык өзгөрүүлөр доорундагы мамлекеттик, улуттук саясаттын натыйжасы катары көп улуттуу мамлекеттин кыйрай башташына алып келсе, андан кийин суверендүү Кыргызстандагы улут саясатынын жыйынтыгы катары 2010жылдын июнунда масштабдуу этникалар аралык конфликтти жараткан. Бул жерде өткөн кылымдын 80-жылдарынын аягы- 90 ж., биринчи жарымындагы окуялар, этникалар аралык өз ара аракеттенүү маселесинин өзгөчө курч жана принципиалдуу түрдө өнүгүшу СССРдин кыйрашы жана Чыгыш Европа менен КМШда бир катар жаңы мамлекеттердин түзүлүшү, кандуу этникалык конфликттер, чек аралардын бузулгустугун жана этникалык өздүгүн аныктоо принциптери боюнча кеңири масштабдуу кагылышуулар, ааламдашуу менен этникалык иденттүүлүгүн сактоого умтулуунун ортосундагы конфликттин күч алышы, проблеманы жаңыча кароону шарттаган. Аталган баардык окуяларды жана проблемаларды чагылдырууда коомдук пикирди калыптандырруучу жана кеңири эл массасынын тигил же бул багытта аракеттенүүсүн тез мобилизациялоого жөндөмдүү массалык маалымат каражаттары маанилүү роль ойногон жана ойнойт. Агартуу доорунун философу Ж. Ж. Руссо прессаны белгилүү мыйзамдардын үч түрүнө-коомдук, кылмыштуулук жана жарандык укукка кошуу керек деп эсептеген. Руссонун пикири боюнча 4-чү мыйзамдын кубаттуулугунан калган баардык мыйзамдарды эффективдүү ишке ашырууга болот. Массалык маалымат каражаттары түзгөн коомдук пикирдин маанилүүлүгүн көптөгөн саясий ишмерлер көрсөтүшкөн. Мисалы А.Линкольн "коомдук пикирдин колдоосуна ээ болгондордун баардыгы ийгиликке жетээри кепилденет ", - деп жазган. ММКнын жалпы форматындагы этникалык, этникалар аралык теманы чагылдырган ММК тарых илиминде "этникалык журналистика" деп аталат. Бүгүн, маалыматташтыруу жана маалыматтык согуш доорунда ММКнын коомдук ролу жана жоопкерчилиги кыйла жогорулан, улуттук, улуттар аралык мамилелер чөйрөсү кескин өсүүдө. Анткени, адамзат коомунун тармагы өтө жука, сезимтал жана тез жарылгандыктан бат эле соодалашуу куралы болуп, саясий күрөштөгү таасирин жана бийлигин күчөтүп, мамлекетти жана коомду дестабилизациялөөнун дүрмөтү болуп калышы мүмкүн. Буларды дүйнөлүк тарыхый процесс жана Кыргызстандын суверендүү өнүгүү мезгили күбөлөп турат. 30 жылдан ашуун мезгилде биз, улуттар аралык мамилелерди жеке

кызыкчылыктары үчүн мамлекетке каршы ар түрдүү саясий топтордун аракеттери сөзсүз түрдө кол балага айланган ММКны пайдалануу менен негативдүү кубулуштарга масштабдуу мүнөз берүүгө аракеттенгендигине көп ирет күбө болдук. Ушуга байланыштуу эффективдүү мамлекеттик саясат жана этникалар аралык мамилелер процессин башкаруу жана ММК барган сайын актуалдуу жана дүйнөлүк державалардын өз таасирин күчөтүү үчүн геосаясий күрөштүн курчушу мезгилинде маанилүү болууда.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** ***Максаты*** - ММКда этникалар аралык мамилерди чагылдыруу тарыхын мазмундуу талдоо аркылуу маселенин абалын , тенденцияларын, ММКнын орду менен ролун жана Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелерди сыдыргы аркылуу өткөрүү жана массалык маалымат каражаттары менен өз ара тыгыз көз карандылыгын аныктоо болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй ***милдеттер*** коюлду:

1. Диссертациялык иштин проблемаларынын изилденүү деңгээлин аныктоо;
2. Изилдөөнүн булактаануучулук базасын талдоо: укуктук - ченемдик актылар, архивдик булактар, изилдөө мезгилиндеги ММКнын күнүмдүк материалдары;
3. Этникалар аралык мамилелерди чагылдыруудагы ММКнын ордун жана ролун, абалын, проблемаларын талдоо;
4. Этникалык журналистиканын терминдерине теориялык-практикалык талдоо жүргүзүү;
5. Изилдөө мезгилиндеги этникалар аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатка тарыхый талдоо-баалоо берүү;
6. ММКда этникалар аралык конфликттерди чагылдырган материалдардын натыйжасын жана маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;
7. Кыргызстандагы этникалар аралык масштабдуу кагылышуулардын ошол мезгилдеги күнүмдүк басма сөздө чагылдырылышынын хронологиясын иликтөө;
8. Баалоо параметри аркылуу медиа-маалыматтын классификациясын аныктоо.

*Изилдөөнүн хронологиялык алкагы.* Изилдөөнүн жогорку жана төмөнкү чеги Кыргызстандагы этникалык мамилелердин алкагында 1990ж., жана 2010 ж., масштабдуу трагедиялык окуялардын келип чыгышынын ички системалык себептерин иликтөөнүн зарылдыгы менен шартталат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөөдө көптөгөн ата мекендик жана чет элдик басма сөз изилденди; илимий айлампага жаңы архивдик материалдар, анын ичинде Ош шаарынын мэриясынын 2010 –жылы июнь окуяларынын алгачкы күндөрүндогү  кайрылуулар жана буйруктар түрүндө кабыл алынган кечиктирилгис иш чаралары; Кыргызстанга коңшулаш

мамлекеттердин жана дүйнөлүк коомчулуктун 2010 ж., июнь айындагы трагедиялуу окуяларга реакциясы жөнүндөгү материалдар, ж.б. киргизилди, ата мекендик тарыхнаамада биринчи жолу басма сөз бетиндеги этникалар аралык мамилелердин тарыхы бөнча материалдар системага салынып, жалпысынан 10 дон ашуун союздук жана республикалык газеталар талдоогө алынды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык иш жана акын негизинде чыгарылган жыйынтыктарды Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелердин өнүгүшүндө ММКнын ээлеген ордун жана ролун андан ары тереңдетип изилдөөдө пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациянын материалдарын ММК жөнүндө иштелип жаткан жаңы мыйзамда пайдаланууга болот. Мындан сырткары изилдөөчү диссертациянын, өзүнүн жеке изилдөөсүнүн жана практикалык тажрыйбасынын материалдарынын негизинде Кыргызстандын ЖОЖдорунун тарых жана журналистика факультеттеринин студенттери үчүн билим берүүчү “Этникалык журналистика” курсун даярдаган.

Изилдөөнүн материалдарын, диссертациялык иштин жыйынтыктарын жана сунуштарын ата мекен тарыхы, журналистика, мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик этникалык саясаты боюнча илимий изилдөөлөрдү жана эмгектерди жазууда пайдаланууга болот. Эң негизгиси, диссертациянын материалдары журналисттердин этникалык тематика боюнча күндөлүк жаңылыктарды жана аналитикалык материалдарды берүүсүнө, терминдерди жана этникалык процесстерди түшүнүүсүнө жардам берет.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Диссертациянын материалдары этникалар аралык мамилелер чөйрөсү коомдук турмуштун жука, сезимтал жана тез жарылуу коркунучу бар чөйрө экендигин дагы бир ирет көрсөттү.
2. Кыргызстандын этникалар аралык чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты изилдеген мезгилде учурга жараша болгондуктан стратегиялык жактан натыйжасыз болгон.
3. Кыргызстандагы 1990 ж., жана 2010 ж. этникалар аралык конфликттер бийликтин тепкичтеринин начарлыгынын натыйжасы болуп, изилдеген мезгилде жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн алсыздыгынын жана карапайым элдин оор социалдык-экономикалык абалынын учурдагы талаптарына жооп берүүгө аракеттенбегендигинен болгон.
4. Массалык маалымат каражаттарынын көпчүлүк өкүлдөрүнүн курч саясий , анын ичинде этникалар аралык мүнөздөгү маселелерди чагылдырууда жетиштүү деңгээлдеги профессионалдуулугу, ички цензурасы жана пикир алмашуу тажрыйбасы жок болгон.
5. Кыргызстанда али да этникалык маалымат заманбап коомду башкаруунун натыйжалуу инструментине айлана элек.
6. Изилдеген мезгилде, көз карандысыз жаш мамлекеттин калыптануу мезгилинде, ММК чет элдик каржылоонун таасири астында болгондуктан көпчүлүк учурда улуттук, мамлекеттик кызыкчылыктар либералдык чакырыктардын көлөкөсүндө калган.

7. Улуттар аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясын түзүүдө көп улуттуулук принциби жатат, бирок көп улуттуу мамлекетте артыкчылыктуу роль мамлекетти түзүүчү улутка таандык болушу керек.

8. “Кыргызстан – биздин жалпы үй” концепциясы этникалар аралык мамилелердин тарыхый тажрыйбасы көрсөткөндөй батыштын “мультикультурализм” концепциясынын чүмбөттолгөн түрү болуп чыкты, б.а. мамлекеттин коңүлү приоритеттүү түрдө ар түрдүү азчылыкка: улуттук, расалык ж.б.га бурулган. Кыргызстандагы мындай саясат 2010 жылдын июнундагы масштабдуу этникалар аралык конфликтке айланып, Кыргызстандагы мамлекетти түзүүчү улуттун улуттук иденттүүлүгү коркунучка кептелген.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөчү 1990-2010 жылдардын аралыгында изилдеген мезгил боюнча ата мекендик “НБТ” телеканалында 18 телеберүүнү даярдаган. Эфирге Кыргызстандын диаспораларына арналган “Бешинчи графа” деген автордук теледолбоору чыккан. Ошондой эле 2000-ж., Кыргыз Республикасындагы этникалык саясат менен ар турдүү диаспоралардын турмушуна арналган “Этносфера” аттуу 4 телерадиопрограмманы даярдаган.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары Орусия, Украина, Казакстан жана Кыргызстандагы 10 эл аралык жана республикалык илимий – практикалык конференцияларда баяндалган, ошондой эле изилдөөчүнүн 11 эмгеги жарыяланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык изилдөө процессинде алынган негизги жоболор жана илимий жыйынтыктар ата мекендик жана чет элдик басылмалардагы 11 илимий эмгекте чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Иш киришүү, 4 бап жана 8 бөлүм, корутунду жана пайдаланылган булактар менен адабияттардын тизмесинен турат. 1-тиркеме ”Глоссарий”. Диссертациянын жалпы көлөмү 170 беттен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий иликтөөнүн жаңылыгы, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү, коргоого чыгарылган негизги жоболору, изилдөөчүнүн жеке салымы жана диссертациянын апробациянышы аныкталган.

**“Изилденүүчү проблеманын тарыхнамасы” деген биринчи бапта** теманын изилденүү деңгээли иликтенет. “Чет элдик тарыхнаама” аттуу биринчи бөлүм батыштын изилдөөчүлөрү менен россиялык тарыхнаама (советтик жана постсоветтик мезгилдер) каралган.

*Батыштын тарыхнаамасы.* XXкылымдын башына чейинки илим элдер жөнүндө баяндоо мүнөзүндө жазса, андан кийин топтолгон билимдерди системалаштыруу жана жалпылөө башталып, натыйжада бир катар теориялык мектептердин: эволюционисттик, диффузионисттик, функционалисттик, структуралисттик багыттагы социологдордун америкалык мектебинин ж.б.дын пайда болушуна алып келген. Америкалык изилдөөчү Ф. Янг этникалык топту эки негизги белги: маданият жана улуттук келип чыгуусу аныктайт деп эсептеген. Маданий мунөздөмөгө тил, дин, традицияны киргизүүгө болот. Англиялык изилдөөчү Э. Смит этникалык топторду "келип чыгуусу жөнүндөгү мифти, тарых жана маданиятты бөлүшүүчү, белгилүү территориясы жана тилектештик сезими, аты-жөнү бар топ",-деп аныктаган. "Этникалык" термини биринчи жолу англис тилинде XX кылымдын 50-чү жылдарында пайда болгон. Бир да адам изоляцияда жашай албаган сыяктуу эле этникалык топтор да бирдиктүү мамлекетте бири бири менен өз ара аракеттенбей тура албайт. Андыктан, АКШда ассимиляция теориясы жаралып, ал теорияга ылайык, этникалык топтор өзүнүн традициялары менен адаттарын толугу менен жоготушу жана үстөмдүк кылган топтун жана маданияттын ичине сиңип кетиши керек. Бул теорияны белгилүү деңгээлде СССР дин тарыхына таандык кылууга болот, анын улуттук саясатынын стратегиялык багыты баардык улуттарды жана элдерди акырындап жакындаштыруу менен "совет эли" деген бирдиктүү, интернационалдык жалпылыкты түзүү болгон. Ассимиляция теориясына каршы турган "эритүү казаны" теориясы бар, ал АКШда реалдуулук болуп калды. Бул теория баардык этникалык топтордун аралашып, жаңы этномаданий жалпылыктын түзүлгөнүн билдирет. Андыктан, батыштын тарыхнаамасында жана европалык мамлекеттердин практикасында жыйырманчы кылымдын 40-жылдарынын башында "мультикультурализм" концепциясы пайда болуп, анын маңызы мамлекеттик саясатта артыкча көңүл аз улуттарга бөлүнгөндүгүндө турат. У. Кимлик – канадалык саясий философ, америкалык мультикультурализм жана мультимаданий жарандык теориясынын автору. У. Кимликтин иштери негизинен дүйнөнү ааламдаштырууга жана улуттук мамлекеттерди таратууга багытталган. Бирок, тарыхый практика көрсөткөндөй бүгүнкү күнгө чейин мультикультурализм концепциясынын зыяндуулугун көрсөтүп жатат: батыш цивилизациясы үчүн- Европа өзүн өзү идентификациялөөну жогото баштады жана дүйнөдөбүгүн артка кайтуу процесси: ааламдашуунун кыйрашы жана регионализм менен улуттук мамлекеттердин кайра жаралуусу башталды.

*Советтик жана постсоветтик тарыхнаама.*Советтик мезгилдеги этникалар аралык мамилелерди изилдеген көрүнүктүү теоретиктердин катарына Бромлей Ю. В., Гумилев Л. Н., Дробижева Л. Д., Тишков В. А., ж.б. кирет. Совет мезгилинде этникалык таандыгын аныктоодогу башкы идея интернационализм жана элдердин достугу идеясы болгон. "Совет эли" деген жаңы түшүнүк киргизилип, анда негизгиси этникалык өзүн-өзү аныктоо эмес, социумга таандык экендиги көрсөтүлгөн . СССРдин реалдуу саясатында улут концепциясынын ордуна акырындык менен "совет эли" түшүнүгү кире

баштаган. Аныктоо, боюнча “совет эли” деген мамлекет, маданияты, баалуулуктары жана жеке аң-сезими боюнча жалпылык эле. “Диаспора” термини иш жүзүндө колдонүлган эмес жана бул багытта дээрлик илимий иштер жүргүзүлгөн эмес, анткени советтик жана постсоветтик тарыхнаамада “этнос” этникалык жалпылыктын негизги түрү деп эсептелген. “Этнос” термини – адамдардын туруктуу биримдиги катары тарыхый калыптанып, объективдүү же субъективдүү жалпы белгилери менен бириккен жана келип чыгышын, бирдиктүү тилин , маданиятын, чарбачылыгын , жашоо аймагын, өз аң-сезимин, сырткы түрүн, ой калчоосун камтыган түшүнүк. Жалпылыктан жекеликке өтүү менен биз советтик мезгилде ММКда этникалар аралык мамилелерди чагылдыруу маселелери менен окумуштуу тарыхчылар Малькова В. К. , Дзялошинский И. М., Чебоксаров Н. Н., Арутюнов С. А. ж.б. иштегенин белгилешибиз керек Малькова В. К.нын эмгектеринде тарыхый изилдөөлөрдө жаңы багыт болгон “этникалык маалымат” деген түшүнүккө аныктама берилген. Ошондой эле Малькова В.К. өзүнүн изилдөөлөрүндө ММК дагы этникалык экстремизм маселесине өзгөчө көңүл буруп, мурун биздин коом негизинен комплементардык жана жан тартуучулук маалыматтарын кабылдап, колдоого алса, СССР кыйраган азыркы шарттарда жана миграциялык процесстер күчөгөндө этностордун тыгыз жана атаандаш пикир алышуусуна алып келип, этникалык жарыялоолор көбүнчө айыптоочу, кордоочу, дискриманициялык мүнөздө болуп жатканын белгилейт. Коомдо этникалык түшүнүгү келекеге алуу предметине айланса, ММК көбүнчө аны демилгелеген. Орусиялык изилдөөчу И. М. Дзялошинский “Российские СМИ: как создается образ врага. Статьи разных лет” деген макалалар жыйнагында ММК жана журналисттердин азыркы орус коомундагы толеранттуулукту /интолеранттулукту орнотуп, калыптандыруудагы ролун талдоого алат. И. М. Дзялошинский “душмандык тил” деген жаңы терминди сунуштайт жана талдоого алуу менен “түз же кыйыр түрдө улуттук же диний тирешүүнү, же жок дегенде жек көрүүнү жараткан тексттердин жыйындысы” , - деп эсептейт. СССРдеги улуттук саясий проблемага арналган россиялык изилдөөлөрдүн көпчүлүк авторлору “Советтер Союзунун аймагындагы кийинки этникалар аралык кагылышуулар совет мамлекетинин мурдагы этноулуттук саясатынын уландасы болуп, улуттук республикалардагы “этникалык мобилизацияга” жол ачкан”. “Этникалык мобилизация” феномен тарых илимдеринин доктору М.Н.Губоглонун редакциясы астында жарык көргөн “Национальные движения в СССР и в постсоветском пространстве” серияларынын томдорунда кыйла толук баяндалган. Тарыхчы Дробижева Л.М. этникалар аралык мамилелер маселесин карап, анын ичинде “атуулдук иденттүүлүккө “аныктама берген. Л. М. Дробижеванын концепциясы Кыргызстан үчүн да актуалдуу, анткени азыр Кыргызстандын атуулдарынын аң-сезимине “Кыргыз жараны” деген мамлекеттик демилгени сиңирүү боюнча жигердүү иштелмелер даярдалууда. Бул концепция толугу менен “Мен-Кыргызстандыкмын” деген атуулдук иденттүүлүк түшүнүгүнө негизделген.

**“Ата мекендик тарыхнаама” аттуу экинчи бөлүмдө кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн эмгектери каралат.** Азыркы хронологиялык мезгилде кыргызстандык окумуштуулардын этникалар аралык мамилелери тууралуу илимий эмгектер ММКда дээрлик чагылдырыла элек. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Социалдык изилдөөлөр борборунун окумуштуулары А. Б. Элебаева, А. Джусупбеков, Н. Омуралиевдер даярдаган “Межэтнические отношения в постсоветских государствах Центральной Азии: динамика развития” деген коллективдүү эмгек изилденген мезгилдеги Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелер маселесине арналган алгачкы комплекстүү иштердин бири болуп калды. Кыргызстандын тарыхчылары, социологдору, саясат таануучулары тарабынан 1990 жылдагы Ош окуясы боюнча бир да китеп жазылган эмес. “Ош коогалаңы КГБнын маалыматтары боюнча ” (Ошские события по материалам КГБ) деген жалгыз эмгекти Мамлекеттик коопсуздук комитетинин кызматкери, окуяларды көргөн Т. Разаков жазып, 1993–жылы жарык көргөн. Т.Разаковдун китеби баяндоо мүнөзүндө жазылган. Б. Алимова жана А. Асанкановдун диссертациялык иштеринде, биздин оюбузча, 1990ж., жана 2010 ж. июнда болгон этникалар аралык конфликттерге объективдүү баа берилген. Мисалы, профессор А. Асанканов 2010-жылдагы этникалар аралык конфликтте ММКнын маанисин этникалар аралык конфликтте абалды курчуткан кыйратуучу риторика деп белгилейт. Социология илимдеринин кандидаты Ч. М. Кошоева “Этникалык фактордун саясий аң-сезимди калыптандыруудагы орду жана ролу” (орус тилинде) деген макаласында өзбек ММКлары коомдук пикирге Кыргызстандыкына караганда чоң таасир эткендигин белгилейт. Профессор Ч. Чотаева өзүнүн “Современная межэтническая ситуация в Кыргызстане: по результатам социологического исследования 2011 года” деген монографиясында этникалар аралык мамилелердин өнүгүшүндө тил саясаты зор роль ойноорун белгилейт. Орус жана өзбек тилдеринин мааниси жана Кыргызстандагы социалдык-саясий жана экономикалык абал мамлекеттик деңгээлде көп ирет көтөүлгөн . Тарыхнаамада КР ММКларынын этникалар аралык мамилелерине арналган, тактап айткамда ата мекендик массмедиянын ишмердүүлүгү жөнүндөгү эмгектер өзгөчө орунду ээлейт. 2010-ж., “Институт Медиаполиси” мамлекеттик эмес уюм үчүн Н. И. Алишева, Ж. Д. Ороспакова, А. Ю. Петров, Б. Д. Усенованын редакциясы астында окумуштуу юристтердин “Освещение межэтнических событий в Кыргызстане ” деген макалалар жыйнагы жарык көргөн. Бул изилдөөдө массалык маалымат каражаттарында пайдаланылган лексикасынын идеологиялык технологияларына, коомдук аң-сезимде туруктуу толеранттык/интолеранттык масс-медианын механизмдерин калыптандырууга; чет элдик жана кыргызстандык мыйзамдуулукта сөз эркиндигинин мыйзамдуу негиздерин камсыз кылууга талдоо жүргүзүлгөн. 2010-жылдагы окуялардан кийин чет элдик донорлордун каржылоосу менен 2020-жылы “Конфликт на юге Кыргызстана десять лет спустя. Перспективы, последствия, действия.” деген басылма жарыяланып, анда конфликт жөнүндөгү

ой толгоолорго, анын жыйынтыктарына, аны Кыргызстанда жана эл аралык аренада талкуулого жана түшүнүүгө арналган макалалардын түзүмү басылган.

Ошентип, тарыхнаамалык анализ көрсөткөндөй, чет элдик окумуштуулардын эмгектери диссертациялык изилдөөдө глобалдык жана этникалык процесстерды талдоо үчүн жалпы теориялык жана методологиялык мааниге ээ болду. Батыш тарыхнаамасында этникалар аралык мамилелердин теориясы жана практикасы иштелип, жалпы ааламдашуу теориясынын алкагында "мультикультурализм" концепциясы ишке ашкан. Бирөк, тарыхый окуялардын жалпы жүрүшү ааламдашуу теориясы менен мультикультурализм концепциясы бүгүнкү күндө терең кризиске батып, европалык цивилизациянын өз иденттүүлүгүнө коркунуч жаратууда. Ал эми советтик жана постсоветтик тарыхнаама биздин диссертациялык изилдөөгө жалпы этникалар аралык мамилердин теориялык жана методологиялык жактан коюлушу, ММКда этникалар аралык мамилелердин проблемаларынын актуалдуулугунун чагылдырылышы, ошондой эле жалпы тарыхыбыздын аспектилери боюнча жакын турат.

Ата мекендик тарыхнаама суверендүү өнүгүүнүн алгачкы жыйырма жылында диссертациялык изилдөөнүн проблемасы боюнча калыптануу стадиясында болуп, изилденүүчү маселенин проблемасына өз салымын кошту. Бирок, Кыргызстандын суверендүү өнүгүүсүнүн алгачкы он жылдыгында көпчүлүк изилдөөлөр чет элдик донорлор тарабынан каржылангандыктан Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелердин чыныгы реалдуу картинасын толук ачып бере алышкан эмес. Андыктан республикалык күндөлүк басма сөз белгилүү деңгээлде мамлекеттин улуттук саясатын ишке ашыруу тарыхынын жалпы картинасын калыптандырган.

**"Изилдөөнүн материалдары, методдору жана методологиясы"** деген экинчи бапта 1990-2010-жж. мезгилде ММКда Кыргызстадагы этникалар аралык мамилелердин тарыхын чагылдырган ири көлөмдөгү ар түрдүү булактар талдоого алынган. Булактарды мазмуну жана өзгөчөлүктөрү боюнча бир нече маанилүү топторго: 1. КРнын укуктук-ченемдик актылары; 2. КРнын архивдеринин материалдары; 3. ММКнын күндөлүк матеиалдары; деп бөлүүгө болот.

"**Изилденүүчү теманын булактаануучулук базасы"** деген биринчи бөлүмдө Укуктук–ченендик актылар каралды. Бүгүнкү күндө этникалар аралык мамилелердин тарыхын жөнгө салуучу жана ММКны жөнгө салуучу: 1) КРнын Конституциясы; 2) КРнын "Массалык маалыматтар каражаты жөнүндө" Мыйзамы; 3) Этникалык азчылыктын укуктары; 4) КР "Кодекстери (КР кылмыш жаза Кодекси, КР атуулдук -процессуалдык Кодекси) ; 5) КРнын "Мамлекеттик тил жөнүндө" Мыйзамы; 6) КР Эмгек кодекси ж.б.

**2. Архивдик материалдар.** КР Президенине караштуу БМА, КР коомдук-саясий документтер БМА, КР кинофотофонодокументер БМА. 1990 ж., түштүктөгү окуялар жөнүндөгү негизги материалдар КР коомдук –саясий документтер БМАнын 56-фондунан чогултулуп, илимий айламңага киргизилди Алар: Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин "Ош

областындагы улут аралык конфликт жана абалды турукташтыруу жонундө“ отчетунда, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Пленумунун 1990–ж. 5–июндагы жыйынынын №XVI протоколунда, СССРдин Президенттик Кенешинин мүчөсү, Кыргызстандын Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү Ч.Айтматовдун XIX съездде сүйлөгөн сөзүнүн протоколунда, Ош областындагы трагедиялык окуяларга саясий баа берүү жөнүндө токтомунда ж.б. кездешет КР конофотофонодокументтер БМА 1990 ж. Ош окуяларына арналган 32 фотоматериал алынды. КР Президентине караштуу БМАдан 2010 ж. өлконүн туштүгүндө болгон окуялар жөнүндө табылды. Анын 1 –фондунда илимий айлампага биринчи ирет киргизилген төмөндөгү документтер бар: Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун “Ош шаарынын аймагында өлкөдөгү коомдук-саясий абал турдукташканга чейин коомдук тартипти камсыз кылуу жөнүндө” буюртмасы; Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун УТРКнын президенти К.Оторбаевге, ЭлТРдин директору Ш.Абдрахман уулуна , “ОшТВ” ТРКсынын директору Х.Худайбердиевге, “МезонТВ” массмедиянын директору Ж.Мирзаходжаевге ж.б. кайрылуусу.

3**. Күнүмдүк материалдар.** Изилдеген мезгилде ММКнын беттеринде жарыяланган материалдарды бир нече катмарларга бөлүүгө болот: 1) Өз продукциясын республикалык массмедиага жайгаштырган ата мекендик ММК. 2) КРдагы этникалар аралык мамилелерди чагылдырган республикалык ММК. 3) Кыргызстадын аймагындагы регионалдык ММК. 4)Кыргызстагдын аймагында өз мамлекетинин тилинде өз басма продукциясын чыгарган же кабарлаган чет элдик ММК. 5) КР ТИМден аккредитацияланган чет элдик ММКнын корреспонденттик пункттары. 6) Кыргызстандагы диаспоралар чыгарган этникалык ММК. 2009–ж. карата КР юстиция министрлигинен катталган ММК. Алардын саны 1331 болгон. Изилденген мезгилде тар адистештирилген ММК катары “Этнический мир” маалыматтык-аналитикалык бюллетени чыгып турган. Ал этникалар аралык мамилелерди, диаспоралардын күнүмдүк турмушун жана мамлекеттик этникалык саясатты чагылдыруу үчүн түзүлгөн. Бюллетенди этникалар аралык мамилелер фонду каржылаган (Нидерланды).

**“Изилдөөнүн методу жана методологиясы”** деген экинчи бөлүмдө диссертациялык изилдөөнүн объектиси, предмети, негизги методдору жана методологиясы каралган.

**Изилдөөнүн объектиси** – КР ММКсындагы этникалар аралык мамилелер.

ММКда этникалар аралык мамилелер СССРде “кайра куруунун” башталышы менен, XX к., 80-жылдарынын аягынан тарта, улуттук-саясий жана улуттук-маданий кыймылдарынын жигердүү пайда боло башташы менен изилдөө объектиси болуп калган. Алардын айрымдарынын ишмердүүлүгү этникалык кысымдардан жарылууга алып келе баштаган. Алсак, Тоолуу Карабахта, Ферганада, Ошто, Приднестровьеде ж.б. Борбордук жана жергиликтүү ММКларда бул окуялар тууралуу маалыматтар, толук эмес, фрагментардуу жана стилистикасы жаңылыктар форматында болгон. Бул

процесстер жөнүндөгү баардык маалыматтар этникалык журналистика деп атала баштаган.

1993-жылдагы КРнын «ММК жөнүндө Мыйзамына ылайык (1-берене) ММКнын изилдөө объектиси катары газеталар, журналдар, анын тиркемелери, альманахтар, китептер, бюллетендер, публицисттик таркатууга багытталган бир жолку басылмалар, ошондой эле телерадиоканалдар, кино- жана видеостудиялар, аудиовизуалдык жазуулар жана программалар-мамлекеттик органдар, маалыматтык агенттиктер, саясий, коомдук жана башка уюмдар, жеке тараптар чыгарган.

**Изилдөөнүн предмети** - 1990-2010-жж., аралыгында суверендүү Кыргызстандын ММКларында этникалар аралык мамилелерди чагылдыруунун тарыхы; этникалык журналистика терминин маңыздуу талдоо; этникалар мамилелерди чагылдырууда ММКнын орду жана ролу; этникалар аралык мамилелерге тиешелүү саясий процесстерде мамлекеттик саясаттын ролу; изилденген мезгилдеги этникалар аралык конфликттердин масштабын талдоо жана баа берүү. Ошондой эле изилдөөнүн предмети диссертациялык иште коомдугу эки эң маанилүү – улуттар аралык жана маалыматтык чөйрөнүн алкагында кароону болжолдойт, аны мамлекетте 80ден ашуун ар түрдүү этностордун жашоосу да талап кылат.

**Диссертациялык изилдөөнүн негизги методдору** объективдүүлүк принциптерине жана системалуу талдоого таянат. Объективдүүлүк принциби реалдуу чындыкты сын көз менен талдоо үчүн негизги инструменттердин бири катары колдонулат. Системдүүлүк принциби изилденүүчү объекттин ар түрдүү пландуу, көп сандаган факторлорунун маңызын комплекстүү талдоодо жана ачууда пайдаланылат.

Диссертациялык ишти жазууда жалпы илимий методдор - анализ жана синтез, абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, салыштырмалуу, тарыхый, логикалык, баяндоочулук жана бихевиоризм методу пайдаланылды. Өзгөчө кызыгууну бихевиоризм методу жаратат. Этникалар аралык мамилелер, этникалар аралык конфликттер чөйрөсү, белгилүү болгондой, адамдын психикасы, мүнөзү жана жүрүм-туруму менен байланыштуу. Андыктан бихевиоризм методу адамдардын жана социалдык топтордун жүрүм-турумунун мотивдерин изилдеген метод катары диссертациялык изилдөөдө маанилүү. Этностордун бихевиоризм методуна таянуу менен биз 1990 жана 2010-жылдардагы этникалар аралык жаңжалдарда кыргыздардын жана өзбектердин жүрүм-турумдарын объективдүү баалай алабыз. Андыктан, бул окуяларды ырааттуу жана көп фактордуу изилдөө зарыл. Мисалы, кыргыздардын жүрүм-туруму архивдик материалдар көрсөткөндөй, 1980- жана 1990-жж., чегинде Кыргызстанда эркиндик жана жер бөлүктөрүн берүү талаптары менен байланышкан. Өзбек тараптагылардын жүрүм-турум аракети этникалар аралык жаңжалдар башынан эле саясий мүнөздө - бийлик бутактарына кыйла кеңири катышуу, өзбек автономиясын түзүү ж. б., болгон. Өзбек диаспорасынын экстремисттик бөлүгүнүн жүрүм-турум аракеттери мамлекеттин ролунун начарлап бараткандыгын, анын айдан-ачык трагедиянын алдында чечкиндүү,

учурга жараша аракеттенгендин ордуна сүйлөшүүлөр менен алектенгендигин күбөлөп турат.

Изилдөөнүн методологиясы этникалар аралык мамилелердин төмөнкү негизги категорияларын: «этникалык», «этникалык конфликт», «этнос», «улут», «улуттук», «титулдук улут», «этникалык азчылык», «диаспора», « этникалык иденттүүлүк», «толеранттуулук», «түпкү калк», «улутчулдук», «геноцид», «шовинисттик», «ксенофобия», «касташуу тили» жана башкалар. Этникалык журналистика үчүн бул терминдерди билүү зарыл жана маанилүү, антпесе, журналисттер, теримдеги айырмачылыктарды көрбөстөн коомдо белгилүү деңгээлде чыңалууну жана дестабилдештерүүнү жаратышы мүмкүн.

Ошентип, изилдөөнүн материалдары, методдору жана методологиялары көрсөткөндөй, изилденген мезгилдеги булактааануучулук базасы кыйла динамикалуу болгон. Архивдик материалдар дагы жетиштүү, бирок 1994-жылга чейин жашыруун болсо, азыр алар ачык жана өзүнүн изилдөөчүлөрүн күтүүдө. Бул мезгилде Кыргызстанда салыштырмалуу көп сандаган ата мекендик, чет элдик, мамлекеттик жана жеке ММКлар иштеп турган. Бул алгачкы он жылдыкта суверендүү республиканын өнүгүүсүндо демократиялык саясий системанын (сөз эркиндиги, аракет, ой эркиндиги, ж.б.) үстөмдүк кылганы менен түшүндүрүлөт. Изилдөөчү пайдаланган методдор жана методологиялар диссертациялык иштеги проблемаларды терең жана мазмундуу ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

**Үчүнчү бап «1990-2010 жж., мезгилинде Кыргызстандын ММКсында этникалар аралык мамилелер»** деп аталат. **Биринчи бөлүм: «Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттары: этникалар аралык мамилелерди чагылдыруунун абалы жана негизги проблемалары».** Кыргызстан — көп улуттуу өлкө, анда 80ден ашык этностордун өкүлдөрү жашайт. Ар бир этностун өз тарыхы жана Кыргызстандын аймагына көчүп келүү тарыхы бар. 1989-жылы эл каттоо боюнча, калктын саны 4 млн. 258 миң болсо, 2018-жылы 6 млн. 257 миң адамга жеткен жана бул хронологиялык мезгилде республикадан калктын көп кеткенине карабастан жалпы саны азайган эмес, тескерисинче 2 млн. адамга көбөйгөн.

Кыргызстандын баардык атуулдары өздөрүн бейкам сезиши үчүн аларда маалыматты эне тилинде алууга, ошондой эле Кыргызстандагы диаспоралардын ишмердүүлүгүн маалымдоо үчүн ММКларды түзүүгө мүмкүнчүлүктөрү болгон жана бар. 1990-жылдан 2010-жылга чейинки мезгилинде ата мекендик ММКлар негизинен төмөнкү тилдерде кабарлаган. Таблица 3.1 Кыргыз, орус, өзбек тилдериндеги ММКлар. (Таблица «Кыргыз Республикасындагы ММКнын өнүгүүсүнүн жана ишмердүүлүгүнүн укуктук чөйрөсү. А. К. Алагушев, Н. И. Алишева түзөн – Б.: 2010 – 63 б.) деген материалдарынын негизинде түзүлдү. )

| **ММК** | **Орус тилдүү** | **Кыргыз тилдүү** | **Өзбек тилдүү** |
|---|---|---|---|
| Республикалык деңгээлдеги басма пресса | «Слово Кыргызстана», «Вечерний | «Эркин Тоо», «Кыргыз Туусу», «Супер инфо», | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Бишкек», «МСН», «Мегаполис» «Дело №», «Общественный рейтинг» , Познавательно-развлекательный журнал «Либерри», «Деньги и власть», «Новые лица», «Республика». | «Фабула», ««Ачык саясат plus,«Азия news», «De-Факто», «Кабар инфо», «Майдан.kg», «Жаңы Ордо», "Асман", "Багыт.kg" , «Политклиника» «Саресеп» | |
| Регионалдык басма пресса | «Эхо Оша», «Чуйские известия», «Весть» (г.Кара-Балта). | «АчыкСөз» (южный регион) | «Диийдор», «Мейзон», «Итоги недели», «Ахборот», «Ушсаддоси», «Дустлик». |
| Медиахолдинги (ТВ , радио) | «ОТРК», «КООРТ» «Пирамида», «5 канал», «НТС»,«ЭлТР» | “NUR”, “7-й канал”, “КереметТВ”,“Мезон ТВ”, “ОшТВ”, Радио “Азаттык”, «DDD» | |
| Маалымат агенттиктери | «Кабар», «24.kg», «K-news»,«Аки-пресс», «Вести.kg» | | |
| КР дагы чет ММК | МТРК«Мир» в КР Радио ВВС | Радио Азаттык | |

Этникалар аралык конфликт учурунда айрым ММКларды этникалар аралык конфликтти тутандыруу үчүн жарчы катары пайдаланышкан. 2010-жылдагы кандуу окуялардан кийин бул каналдарда кырдаал кескин өзгөрдү. «Мезон ТВ»нын негиздөөчүсү өлкөдөн чыгып кетип, телекомпания «ТРК Башат» болуп өзгөртүлдү. «Ош ТВ» телеканалы кыргыз тилинде гана иштеп, улутчулдук риторикасынан четтеди жана иш жүзүндө республикалык «ЭлТР» телеканалынын аналогу болуп калды. «DDD» телеканалы адегенде коммерциялык - өзбек тилинде видеопродукт чыгаруу максатында түзүлгөн, ал 2010 ж., окуялардан кийин «Керемет» телеканалынын алкагында маалыматты кыргыз же орус тилдеринде көргөзот. Ушундай эле абал өлкөнүн түштүгүндө гана чыккан жана регионалдык медиа болгон жеке менчик басма ММКларга да таандык. Мисалы, Жалал-Абад областынын өзбек улуттук -маданий борбору уюштурган "Дийдор" газетасынын башкы редактору У. Абдусаламов 2010-ж., майда Жалал-Абад шаарындагы массалык тартип бузуулар боюнча кылмышкер катары жоопко тартылган; өзбек улутундагы саясатчы Д. Сабиров каржылаган

"Мезон" газетасы июнь окуяларынан кийин чыкпай калган. Ушундай эле абал "Аптанын жыйынтыктары" жана "Ахборот" гезеталарында болгон. Ош областтык мамлекеттик администрациясы түзгөн регионалдык "Уш садоси", Араван райондук мамлекеттик администрациясы түзгөн "Дустлик", Ош мэриясы түзгөн "Вечерний Ош" газеталары гана калып, кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде чыккан.

Кыргызстанда изилденген мезгилде чет элдик ММКнын өкүлчүлүктөрү жигердүү иш жүргүзүшкан. Алсак, 1992-жылдан бери «Азаттык радиосу» кыргыз жана орус тилдеринде берүүлөрдү уюштуруп келет. Башкы офиси Москва шаарында жайгашкан мамлекеттик аралык «Мир» телерадиокомпаниясы да мамлекеттик бюджеттен каржыланат. Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча КРда аккредитацияланган чет элдик ММКлардын ичинде Орусия эң көп орунду ээлейт

Таблица 3.2. Кыргызстан аймагында ретрансляция жүргүзгөн чет элдик ММКлар. (Таблица «Кыргыз Республикасындагы ММКнын өнүгүүсүнүн жана ишмердүүлүгүнүн укуктук чөйрөсү". (А. К. Алагушев, Н. И. Алишева түзгөн – Б.: 2010 – 63 б.) деген материалдарынын негизинде түзүлдү.)

| **СМИ** | **Орусиныкы** | **Өзбектерди** | **Казактардык** |
|---|---|---|---|
| ТВ | ОРТ,<br>РТР; | «O'zbekiston», «Yoshlar», «Toshkent», «Sport TV», «Madaniat», «DunyoBoylab», «UzFormat», «TV Markaz». | «Хабар», «Казахстан», «КТК», «Эларна». |
| МА | «Медиазона», «Интерфакс», «РИА Новости», «ИА ТАСС». | | «Kazinfo» |

Ошондой эле КР ТИМден Түркия, Казакстан, Тажикстан, Иран, Германия, АКШ, Франция, Жапония, Кытай ж. б., өлкөлөрдүн ММКлары аккредитацияланган.

1999-жылы «Сорос-Кыргызстан» фонду Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын жигердүү колдоосу менен республикалык ММКлардын арасында этникалар аралык мамилелерди таасын жана адискөй чагылдырган материалдар үчүн конкурс жарыялаган. Долбоордун алкагында Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын коомдук бирикмелери менен бирге 8 биргелешкен медиадолбоор каржыланган. Баардык 8 долбоор бир жылдын ичинде параллелдүү иштеп, ар түрдүү ММКлар ишке ашырган.

Ошентип, корүнүп тургандай, 1990-2010 ж.ж., мезгилинде Кыргызстанда жетиштүү сандагы ММКлар жигердүү аракеттенип, этникалык азчылыктар жөнүндө материалдарды, программаларды жана репортаждарды чыгарып турган. Чет элдик ММКлар Кыргызстандын аймагында өз ишмердүүлүгүн эркин жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. 1990–2010 жж.,

Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелерге негизинен лоялдуу, толеранттуу атмосфера мүнөздүү болгон. Ага улуттар аралык чөйрөдөгү башкаруу жана мамлекеттик саясат, айрыкча 1990 ж., июндагы трагедиялуу окуялардан кийинки абал таасир берген. Этникалар аралык биримдикти бекемдөө үчүн жетиштүү сандагы концепциялар кабыл алынган. Кыргызстандын бийлиги Кыргызстандын аймагында жашаган баардык улуттар үчүн демократиялык саясий системанын негизинде бейкам шарттарды түзүүгө, салыштырмалуу түрдө бизнести жүргүзүүгө жагымдуу шарттарды ж.б., тузүүгө аракеттенген. Анын толук натыйжасын калктын улуттук структурасында, мисалы, өзбек, дунган, уйгурлардын санынын туруктуу өскөндүгүнөк жана Кыргызстандан качпагандыгынан көрүүгө болот. Ошону менен бирге биз ММКлардын этникалар аралык чөйрөдөгү окуяларды жана проблемаларды өзүлөрүнүн кесипкөйлүгүнө же кесибин билбестигине, мүдөөлөрүнө, саясий маданиятына, саясий сабаттуулугуна ж.б. жараша ар түрдүү чагылдырганын көрөбүз.

**Экинчи бөлүм "1990 ж. улуттар аралык конфликттин ММКда чагылдырылышынын тарыхы. Басма сөздүн материалдары боюнча окуялардын хронологиясы" - деп аталат.** Кыргызстан Компартиясынын БКнин 1990 -ж. 25 -августундагы Бюросунда 1990 ж., этникалар аралык конфликттин түздөн-түз шылтоосу "жеке турак-жай курулушундагы оор абал ж. б. социалдык-экономикалык абал болгон",- деп белгиленген. Аны формалдуу эмес бирикмелердин жетекчилери пайдаланышып, Ленин атындагы колхоздун аймагынан тез арада жер бөлүп берүү талаптары менен бир катар митингдерди уюштурушкан (ал жердин калкынын 90% өзбектер эле). Областтык жетекчилер жерди Ош шаарынын Чыгыш, Түштүк айылдарынын райондорунан жана Кара-Суу районунун Калинин атындагы колхоздон бөлүп берүүнү сунушташкан. "Ош аймагы" уюштуруу комитети буга макул болбой, жерди Ленин колхозунан бөлүп берүү талабын коюшкан. Бул өзбек калкы тараптантак так кесе наразычылыкты жаратып, 1-июнда өзбектер 1500 кыргыздарды батирлерден чыгарышкан. 1990 ж. 4-июнда, Ички иштер министри В. В. Гончаровдун сөзу боюнча, Ленин атындагы колхоздун талаасында кыргыз жана өзбек жаштарынын массалык кагылышуусу башталып, андан ары конфликт кескин күчөгөн.

Бул окуяларды союздук маанидеги: «Известия», «Комсомольская правда», «Труд», «Литературная газета» жана жергиликтүү басылмалар «Советская Киргизия», «Вечерний Фрунзе» газеталары чагылдырган. «Комсомольская правда» газетасы 1990 ж., 6-13 июндун аралыгында Ош областы жана Фрунзе шаары жөнүндө 6 макала жарыялаган. Биринчи макаланын корреспонденттери газетанын москвалык бюросунун кызматкерлери болсо, кийинки жарыялоолорду Кыргызстандын белгилүү журналисттери К. Карабеков менен К. Баялиновдор даярдашкан. «Известия» газетасына 15 макала жарыяланып, аларда кыргыз бийлигинин аракеттерине каршы агрессивдүү риторика пайдаланылган. Журналист Г. Шипитько бул жаңжалда күнөөлүү тарап кыргыздар, ал эми өзбектер кыргыз бийлигинин аракеттеринин

курмандыгы деген пикирди билдирген. Союздук маанидеги дагы бир басылма - «Труд» гезитасына кыргыз журналисттери Б. Сарыгулов менен Э. Байбакпаев жазган, негизинен жаңылык мүнөзүнө таандык милициялык кабар форматындагы бир нече макала жарыяланган. «Литературная газета» кайра куруу башталгандан бери СССРде популярдуу жана эң көп окулган газетага айланган. Алар окурмандарды советтик түзүлүштүн «айыбын-ачкан» макалалары менен өзүнө тартып, баяндоо стили жана маалыматты либералдык идеологиянын концептинде советтик атуулдардын аң-сезимине сиңирүү багытындагы бүтүндой жаңы, окурманды шок кылган макалалар болгон. Албетте, «Литературная газетасындагы» Ош облусундагы окуялар жөнүндөгу макалалар да коомдук резонанс жараткан. Алардын негизги авторлору журналисттер А. Иванов, А. Кружилин, Ирина Решина болгон. Элебаева А. Б. 1993-ж. чыккан «Развитие межэтнических отношений в новых независимых государствах Центральной Азии» деген монографиясында союздук прессада чыккан макалалар нааразычылык жараткандыгын, анткени аларда күнөөлүү тарап каза болгондордун саны менен аныкталып, белгилүү деңгээлде тенденциялуу жана бир тараптуу мүнөздө, себептерин баардык жагынан талдоосуз чагылдырылгандыгын белгилеген.

Ата мекендик пресса -"Советская Киргизия" жана "Вечерний Фрунзе", ошондой эле Кыргызстан Компартиясынын БКнин улуттар аралык конфликттер мезгилинде өткөн Пленумдарынын материалдары милициялык кабар форматында жарыяланган. "Вечерний Фрунзе" газетасында Фрунзе шаарынын коменданты Ф.Кулов даярдаган материалдар Ф. Куловдун жападан-жалгыз сүрөтү менен кошо чыккан. Союздук жана республикалык басылмаларда окуя болгон жерлердин сүрөттөрү чыккан эмес. Трагедиялык окуялардан 7 жыл өткөндөн кийин гана КРнын кинофотофонодокументтер БМАсына сүрөттөр откөрүлгөн.

Ошентип, союздук ММКлар 1990-ж., июнунда Кыргызстандын түштүгүндөгү трагедиялуу жана кандуу окуяларды чагылдырууда элдердин достугу жана интернационализм идеярына шек келтириштип, реалдуу окуяларды теңсинбөө менен адилетсиз чагылдырышкан. Алар трагедиялуу окуялардын чыныгы социалдык-экономикалык проблемаларын, жергиликтүү өзүн - өзу башкаруу органдарынын кемчиликтери менен иш билбестигин, улутуна карабастан жергиликтүү калктын проблемаларын адилет жана иштиктүү чечпегендигин көрүшкөн эмес.

**«ММКда 2010 ж., улуттар аралык конфликттин чагылдырылышынын тарыхы» - деп аталган төртүнчү баптын биринчи бөлүмү «2010 ж. улуттар аралык конфликтин масштаблуулугу. Медиа маалыматты талдоо жана аларды баалоо» деп аталат.** Бул жерде «Слово Кыргызстана», «Вечерний Бишкек», «Дело№» газеталарына басылган макалалар талдоого алынды. «Вечерний Бишкек» газетасында 2010-жылдагы Ош окуяларын чагылдырууда: криминалдык хроника, Бакиевдин кланынын аракеттери, тынчтыкты сактоочу аскерлердин киргизилиши, Ош жана Жалал-Абад областынын жашоочуларына кыргызстандыктардын гуманитардык

жардамы, убактылуу өкмөттүн аракеттери, жалганчылык менен күрөшүү, өзбек улутундагы качкындардын проблемасы, врачтар менен психологдордун ишмердүүлүгү, БУУ, ОБСЕ, Евросоюз, АКШнын демократиялык комиссиясы сыяктуу эл аралык уюмдардын реакциясы жөнүндө маселелер көтөрүлгөн. Баардык макалалар жогорку жактын көрсөтүүсүз, басылмалардын журналисттери жазып, көпчүлүгү сүрөттөр менен коштолгон. Бирок, аталган ММКларда конкреттүү кылмышты ким жасаганы жана кылмыш жазасына тартылганы, алар кимдер экенидиги, окуялар болгон жерлерде кандайча болгондугу жана эмне үчүн этникалык ажырымды тутантуу үчүн ачык чакырыктарды айтканы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылган эместиги жөнүндө макалалар чыккан эмес. Көпчүлүк автордук макалаларда кыргыздарды агрессор катары көргөзүп, алар этникалык кыргыз эместердин баардыгына коркунуч жаратат деп көрсөтүлгөн. Аталган ММКлар негизинен нейтралдуу позицияда болуп, макалалары жаңылыктар стилинде болгон же окуялардын хронологиясын гана баяндашкан.

Ошентип, 2010-ж., июнундагы этникалар аралык конфликттин хронологиясын ММКнын материалдарынын негизинде талдоо ММКлар жогорку жактын көрсөтүүлөрүнөн жана кандайдыр бир идеологиялык көрсөтмөлордөн сырт, эркин болгондугун айгинелеп турат. Бирок, өтө татаал жана чаташкан окуяларды чагылдырууда бүгүнкү күндө журналисттердин кесипкөйлүгү, ички маданияты жана цензура алдыңкы орунга чыкты.

**Экинчи бөлүм «Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1990 ж., Комиссиясынын жана Кыргыз Республикасынын 2010 ж., Улуттук Комиссиясынын жыйынтыктарын салыштырмалуу тандоо», - деп аталат.**

Кыргызстан КП БКнин улуттук саясат боюнча Комиссиясы ККП БКнын Бюросунда 1990 ж. 4 - июнунда улуттар аралык жаңжалдын себептерин изилдөө жана абалды стабилдештирүү боюнча иш чараларды жүргүзүү үчүн түзүлгөн. Бул комиссиянын материалдары боюнча конфликттин өбөлгөлөрү жана себептери 3-баптын 2 пунктунда баяндалган. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетсынын 1990 ж., 25- августундагы II Пленумунда «Ош областындагы трагедиялуу окуяларды саясий баалоо жөнүндө» Токтом кабыл алынып, анда «Пленум партиялык, советтик, укук коргоо органдары, биринчи кезекте ош обком партиясы жана областтык эл депутаттар Кеңеши түзүлгөн экстремалдык кырдаалда чечкинсиздик, делдирөөчүлүк кылып, областта бышып жетилген кадрдык, социалдык-экономикалык, идеологиялык, улуттар аралык маселелерди чечүү боюнча өзу чурунда тиешелүү чараларды кабыл албагандыгын белгилейт». ККП БКнын Комиссиясынын алкагында Кыргызстандын түштүгүндөгү улуттар аралык проблемаларды изилдөө боюнча конкреттүү социологиялык иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Бул изилдөөлөрдүн жайытыктары ККП БКнын чечимдерин аткарууда жергиликтүү партиялык органдар орокйгон кемчиликтерди кетиргенин көрсөткөн. Мисалы, «жыгач иштетүү заводунда болгоолну 17 кыргыз иштесе, 6 адамы кыскартууга туш келген, ал эми «Мурас» элдик-

көркөм буюмдар  бирикмесинде 90% өзбектер иштеп, өткөн жылдан бери кыргыздардын эл чыгармачылыгынын буюмдеры чыккан эмес. Генерал Абдырахманов Ички иштер башкармалыгынын органдарына массалык түрдө өзбек улутундагыларды алган. Бул жана башка  фактылар кыргыздар тарабынан Оштон кыргыздпрды максаттуу сүрүп чыгууга умтулуу деп  түшүндүрүлгөн. Ош шаардык кеңешинин, облсоветинин жетекчилери ишти татаалдаштыруудан коркушуп, кыргыздарга карата адилетсиздикдерди байканаксан болушкан. Ушуга байланыштуу эксперттер У.Сыдыков менен Ж. Бекболотовду окүнүү менен эскеришет. Ошентип, социалдык иликтөөлөр көрсөткондой, 1990 ж., жайындагы Ош окуяларынын социалдык-экономикалык себептери четтетилбестен, тескерисинче, ого бетер, өзгөчө Өзгөн районунда күчөп кеткен. ККП БКнын 1990 ж., улуттук саясаты Комиссиясы этникалар аралык мамилелерди андан ары стабидештирүүсү оң натыйжаларды берген эмес. Көпчүлүк жергиликтүү башкаруу органдарынын “өзбек улутундагылардын алдында көшөкөрлөнүү, кечирим суроо» саясаты 20 жылдан кийин жаңы этникалар аралык конфликтке алып келген.

**2010-ж., Улуттук комиссиянын отчёту**. Кыргыз Республикасынын Президенти Р.Отунбаеванын «2010 ж., июнда республиканын түштүгүндө болгон трагедиялык окуялардын себептерин, жыйынтыгын ар тараптан изилдөө жана сунуштарды иштеп чыгуу боюнча Улуттук комиссия түзүү жөнүндө» Жарлыгы 2010 ж., 12-июлунда чыккан. КР Президенттинин Жарлыгында Ош, Жалал-Абад шаарларында, Ош жана Жалал-Абад областарында болгон трагедиялуу окуялардын себептерин, жыйынтыгын изилдөө жана сунуштарды иштеп чыгуу боюнча Эркебаев А. жана Фаттахов Б. А. башында турган, курамына 30 адам киргизилген Улуттук комиссия түзүлгөндүгү билдирилген. Комиссиянын отчетунда 2010 ж., 7 - апрелде Ош шаарындагы элдик нааразычылтардын бийликтин алмашышына алып келиши республиканын түштүгүндөгү коомдук-саясий кырдаалды кескин курчуткандыгы  белгиленет. Натыйжада өлкөдө коркунучтуу кырдаал жаралган. Атуулдук согуштун башталып кетүү коркунучу пайда болгон. Ошол мезгилде, мамлекеттин тагдыры «кылдын учунда туруп»  мамлекеттин бүтүндүгүнө реалдуу коркунуч жаралганда  Ош шаарынын мэриясы өлкөнү Түндүк менен Түштүгүнүн ажырымга кетүүсүнө жол бербөө, шаардагы коомдук-саясий кырдаалдын турдуктуулугун сактоо боюнча преветенивдүү чараларды кабыл алган.

Улуттук комиссиянын отчетун салыштыруу менен биз принципиалдуу айырмачылыктарды көрөбүз. Эгерде 1990 ж., июндан кийин кыргыздарды күнөлүү экендигине ынандырып, андан кийин «Кыргызстан - биздин жалпы үй» концепциясы жарыяланса, 2010 ж., июндагы окуялардан кийин Улуттук комиссия кыргыздар өзбектерди «геноцид» кылган деген күнөөсү толук абсурд, түккө турбайт деген жыйынтыкка келген. КРнын 2010 жылдагы Улуттук комиссиясы этникалар аралык мамилелер коомдук турмуш тармагындагы эң маанилүү жана татаал чөйрө экендигин белгилеген. Андыктан бул процесстерди массалык маалымат каражаттары аркылуу чагылдыруу өзгөчө кыйынчылык жаратат жана жогорку деңгээлдеги профессионалдуулукту,

саясий эрудицияны, чагылдыруучу проблемаларга жалпысынан жана ММКга мамлекеттик көз караштан кароону талап кылат.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында биз төмөндөгүдөй **жыйынтыктарга** келдик:

1. Иликтенген теманын тарыхнаамалык обзору негизинен чет элдик окумуштуулардын иштери диссертациялык изилдөө үчүн глобалдык жана этникалык процесстерди талдоодо жалпы теориялык жана методологиялык мааниге ээ экендигин көрсөттү. Тарыхнаамалык, этникалар аралык мамилелердин теориясы менен практикасында жалпы ааламдашуу теориясынын алкагында "мультикультурализм" концепциясы иштелип чыгып, турмушка ашырылган. Бирок, тарыхый окуялардын жалпы өнүгүшү ааламдашуу теориясы менен мультикультурализм концепциясы бүгүнкү күндө терең кризиске батып, европалык цивилизациянын өз иденттүүлүн жоготуу коркунучун жаратты. Ал эми советтик жана постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр диссертациялык ишке жалпы этникалар аралык мамилелердин теориялык жана методологиялык жактан коюлушу ММКда этникалар аралык мамилелердин проблемаларынын актуалдугунун чагылдырылышы, ошондой эле биздин жалпы тарыхыбыздын аспекттерин жакын турат. Изилденген мезгилдеги ата мекендик тарыхнаама суверендүү өнүгүүнүн биринчи жыйырма жылдыгында калыптануу стадиясында болгон жана изилденген маселенин проблемасына өз салымын кошкон. Бирок, Кыргызстандын эгемендүүлүктүн биринчи он жылдыгында көптөгөн изилдөөлөрдү негизинен чет элдик донорлор каржылагандыктан Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелердин реалдуу чындыгынын картинасын толугу менен көрсөтө алышкан эмес. Андыктан, күнүмдүк республикалык басма сөздө өлкөдөгү этникалар аралык мамилелердин проблемаларын жана абалын мамлекеттик улуттук саясатты ишке ашыруунун тарыхынын жалпы картинасын кандайдыр бир деңгээлде түзө алган.

2. Изилдөөнүн материалдары, методдору жана методологиясы көрсөткөндөй, изилдөө мезгилиндеги булак таануунун базасы динамикалык жетиштүү болгон. Архивдик материалдар да жетиштүү, бирок 1994-жылга чейин жашыруун болсо, азыр ачык коюлган жана өзүнүн изилдөөчүлөрүн күтүүдө. Бул мезгилде Кыргызстанда салыштырмалуу түрдө көп сандагы ата мекендик, чет элдик, мамлекеттик жана менчик ММКлар чыгып турган. Бул республиканын суверендүү өнүгүүсүнүн биринчи он жылдыгында саясий системанын демократтуулугу (сөз эркиндиги, ой эркиндиги, аракет эркиндиги ж.б.) менен түшүндүрүлөт. Изилдөөнүн пайдаланылган методдору жана методологиясы диссертациялык иштин проблемаларын терең жана мазмундуу ачууга мүмкүнчүлүк түздү.

3. Этникалар аралык мамилелерди чагылдырууда массалык маалымат каражаттарынын ролун жана ордун талдоо алардын коомдук процесстерди

башкаруу инструменти катары эң маанилүүлүгүн көрсөттү. Бирок, ММКлар этникалар аралык мамилелерди айрым учурларда толук жана объективдүү чагылдыра алган эмес жана көбүнэсе оң эмес, негативдүү роль ойношкон. Көз карандысыз жаш мамлекеттин калыптануу мезгилинде ММКлар чет элдик каржылоонун күчтүү таасиринде болгондуктан көпчүлүк учурларда улуттук, мамлекеттик кызыкчылыктардын либералисттик чакырыктар менен алмашуусуна алып келген.

4. Терминдерди талдоо өлкөдө азырынча этникалык маалымат боюнча квалификациялуу адистешкен журналисттер жетишсиз экендигин . көрсөттү.

5. КРнын улуттар аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатын талдап -баалоо, биз, улуттук саясаттын өзгөгүндө баардык улуттар менен элдердин тең укуктуулук принциби жатышы керектигин, бирок көп улуттуу мамлекетте аныктоочу роль мамлекетти түзүүчү улутка таандык болушу керек деген жыйынтыкка келдик. Тилекке каршы, бул принцип ошол мезгилдеги ар кандай мода болгон либерализм концепцияларына ылайык арткы планга жылдырылган. Мындай саясат Кыргызстанда 2010-жылдын июнь айында улуттар аралык масштабдуу жаңжал менен аяктады, бул учурда түзүүчү улут Кыргызстандын улуттук идентификациясы коркунучта болгон.

6. Этникалар аралык жаңжалдардын чагылдырылышынын, , өзгөчө жаңжалдын башталышындагы маалыматтардын ынанымдуулугун аныктоо оор, анткени мамлекеттик бийликтин өзү түшкөн оперативдүү маалыматты өз учурунда караган эмес жана жаңжалды локалдаштыруу боюнча чечкиндүү чараларды көрбөгөн. Бир катар экстремисттик ММКлар маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүн быкшый баштаган жаңжалдарды жарылууга чейин тутандырышкан.

7. Кыргызстандагы этникалар аралык масштабдуу кагылышуулардын хронологиясын союздук жана республикалык басма сөздүн материалдарында чагылдырылышын талдоо бир катар союздук, борбордук, гезеталарда бир жактуу, тенденциялуу, адилетсиз жана текеберчилик менен чагылдырылып, кыргыздарды 1990 жана 2010-жылдардагы этникалар аралык жаңжалдардын баштоочусу деп жарыялаганын көрсөттү.

8. Медиамаалыматтын классификациясынын мүнөзүн аны баалоо аркылуу талдоо, Кыргызстандагы этникалар аралык чөйрөдөгү медиамаалыматтын стилистикасы азырынча негизинен нейтралдуу мүнөздө экендигин жана аналитиканын жоктугунан көпчүлүк учуларда жаңылык форматында берилээрин көрсөттү. Этникалык материалдар менен иштеген журналисттер, адатта курч проблемалардан качышып, тигил же бул этностун традициялары менен каада-салттарына же ар түрдүү этникалык фестивалдарына тиешелүү материалдарды чагылдырышат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Этникалык ынтымакты, толеранттуулукту жана бирдиктүү Ата Мекен сезимин бекемдөө максатында, биздин оюбузча, саясий лексикада жана

күнүмдүк баарлашууда "титулдуу улут" терминин колдонбостон, нейтралдуу жана объективдүү термин – "мамлекет түзүүчү улут" терминин колдонуу керек.

2. Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын ММКда этникалар аралык мамилелерди өнүктүрүү боюнча улуттук жана аймактык программаларды даярдоодо пайдаланууга болот.

3. ММКда "Кыргыз жараны" Улуттук программасын жигердүү үгүттөөнү жүргүзүүдө колдонсо болот.

4. Кыргызстандын атуулдарынын арасында улуттар аралык мамилелерди бекемдөөнү маалымдоого ата мекендик блогерлерди жигердүү тартууга болот.

5. Кыргызстандын Элдеринин Ассамблеясынын алдында Кыргызстан элинин Музейин түзүп, анда Кыргызстанда жашаган улуттардын баардыгынын тарыхын көргөзүү, ошондой эле этникалык маалыматты чагылдырган журналисттер үчүн туруктуу негизде адистигин жогорулатуучу курстарды өткөрүү сунушталат.

6. Журналистика факультетинде билим берүүчү программасына "Этникалык журналистика" атайын курсун киргизүү.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган иштердин тизмеси:**


1. Атыканова, Д. А. Проблемы освещения этнополитических конфликтов в СМИ Кыргызской Республики [Текст] / Д. А. Атыканова // Вестник Академии управления при Президенте КР. – 2010. – №11. – С.144-149. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26273816

2. Атыканова, Д. А. Роль СМИ в развитии государственного управления на примере межэтнических отношений [Текст] / Д. А. Атыканова // Вестник Академии управления при Президенте Кыргызской Республики. – 2011. – №12. – С. 189-193. https://www. elibrary.ru/item.asp?id=26232058

3. Атыканова, Д. А. Современные средства массовой информации в Кыргызстане: состояние проблемы в освещении межэтнических отношений (1990-2010). [Текст] / Д. А. Атыканова // Вестник КГУСТА. – 2020. – № 4 (70). -– С. 537-543. https://elibrary.ru/item.asp?id=45795363

4. Атыканова, Д. А. История освещения межэтнических отношений в СМИ в КР (1990-2010) [Текст] / Д. А. Атыканова // Вестник КГУСТА. – 2020. – № 4 (70). – С.528-536. https://elibrary.ru/item.asp?id=45795362

5. Атыканова, Д. А. Особенности формы подачи религиозной и этнической информации в средствах массовой информации [Текст] / А. А. Арзыматова, Д. А. Атыканова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2020. – №4. – С.162-169. https://elibrary.ru/item.asp?id=44887192

6. Атыканова, Д. А. Роль СМИ в формировании положительных и отрицательных образов.[Текст] / Атыканова, Д. А.// Вестник КРСУ. – 2022. – №2. – С. 3-8. https://elibrary.ru/item.asp?id=48307561

7. Атыканова, Д. А. История освещения межэтнических отношений Кыргызстана и Китая в кыргызстанских СМИ (функциональный контент-анализ) [Текст] / А. А. Арзыматова, Д. А. Атыканова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2022. – №2. – С. 332-337. https://elibrary.ru/item.asp?id=53967872

8. Атыканова, Д. А. Историческая хронология межэтнических конфликтов освещенных в СМИ КР (1990-2010гг.). [Текст] / Д. А. Атыканова // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2022. –№5-1 (68). – С. 46-51. https://elibrary.ru/item.asp?id=48689314

9. Атыканова, Д. А. Некоторые аспекты истории кыргызско-узбекских межэтнических отношений в хронологический период 1990-2010гг. [Текст] / А. А. Арзыматова, Д. А. Атыканова // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2022. – №5-1 (68). – С. 52-58. https://elibrary.ru/item.asp?id=48689315

10. Атыканова, Д. А. Ошские события 1990 года в союзной печатной прессе [Текст] /Н. Ж. Эсенкулов, Д. А. Атыканова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2022. – № 9. – С. 218-221. https://elibrary.ru/item.asp?id=50360690

11. Атыканова, Д. А. Интенсификация коммуникационных связей Китая с Кыргызстаном в сфере СМИ в эпоху глобализации [Текст] / А. А. Арзыматова, Д. А. Атыканова // Научные исследования в Кыргызской Республике НАК КР. – 2023. – №2. – С.31-37. http://journal.vak.kg/themencode-pdf-viewer-sc

Атыканова Джамиля Аскарбековнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Суверендүү Кыргызстандагы ММКда этникалар аралык мамилелерди чагылдыруу тарыхы (1990-2010-жж.)» деген темадагы диссертациясынын

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Этникалар аралык мамилелер, ММК, мамлекетти түзүүчү улут, диаспора, этникалык азчылык, КР, этникалык маалымат, этникалык журналистика, этностор, улут, эл, этнос, этникалык иденттүүлүк, этностор аралык конфликт.

**Изилдөөнүн объектиси** – КРнын ММКларындагы этникалар аралык мамилелер.

**Изилдөөнүн предмети** – 1990-2010 жж., мезгилинде суверендүү Кыргызстандагы ММКда этникалар аралык мамилелерди чагылдыруу тарыхы, этникалар аралык мамилелер чөйросүнө тиешелүү терминдерди жана категорияларды маңыздуу талдоо жана алардын ММКда чагылдырылышы жана сындырылышы; этникалар аралык мамилелерге тиешелүү саясий процесстерди, изилденген мезгилдеги этникалар аралык масштабдуу конфликттерди талдоо жана баалоо.

**Изилдөөнүн максаты** – этникалар аралык мамилелердин тарыхынын ММКда чагылдырылышын маңыздуу талдоо аркылуу Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелердин жана ММКнын абалын, проблемаларын,

тенденцияларын, ээлеген ордун жана ролун аларды кайра чагылдыруу аркылуу ММКлардын ич ара тыгыз көз карандылыгын талдоо болуп саналат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин**: изилдөөнүн жалпы илимий жана атайын тарыхый методдорунун комплекси диссертациянын методиалык негизин түзот. Диссертациялык изилдөөнүн башкы методологиялык принциби – историзм болуп,изилденүүчү теманын объективдүүлүгү жана проблемалык-логикалык талдоосусу менен айкалышып турат.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы:** диссертациялык иште биринчи жолу ата мекендик жана чет элдик басма сөздүн Кыргызстан элинин ассамблеясынын «Этнический мир» деген маалыматтык-аналитикалык бюллетенин калын катмары изилденди. Изилдөөчү тарабынан 1998-2006 жж. мезгилиндеги материалдар-жалпысынан бюллетендин 1376 беттен турган 28 саны, союздук жана республикалык маанидеги 10дон ашык газетелардагы жарыялоолор иликтенди. Ата мекендин тарыхнаамасында биринчи жолу ММКнын беттерине чыккан этникалар аралык мамилелердин тарыхы боюнча материалдар ирээтке салынды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** диссертациялык изилдөө жана анын негизинде чыгарылган жыйынтыктар Кыргызстандагы этникалар аралык мамилелердин өнүгүшүндө ММКлардын ээлеген ордун жана ролун мындан ары кыйла терең, кылдат изилдөөдө пайдаланышы мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик башкаруу органдарынын, журналисттердин, окутуучулардын жана башкалар тарабынан практикалык ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

диссертации Атыкановой Джамили Аскарбековны «История отражения межэтнических отношений суверенного Кыргызстана в СМИ (1990-2010 гг.) на соискание ученой степени кандидата исторических наук 07.00.02 – отечественная история.

**Ключевые слова:** Межэтнические отношения, СМИ, государствообразующая нация, диаспора, этнические меньшинства, КР, этническая информация, этническая журналистика, этничность, нация, народ, этнос, этническая идентичность, межнациональный конфликт.

**Объект исследования** – межэтнические отношения в СМИ КР.

**Предмет исследования**- история отражения межэтнических отношений в СМИ суверенного Кыргызстана в период 1990-2010гг., сущностный анализ терминов и категорий относящихся к сфере межэтнических отношений их отражение и преломлении в СМИ; политические процессы, касающиеся межэтнических отношений, анализ и оценка локальных и масштабных межэтнических конфликтов в исследуемый период.

**Цель исследования** -через содержательный анализ истории отражения межэтнических отношений в СМИ- определить состояние, проблемы, тенденции, место и роль СМИ и межэтнических отношений в Кыргызстане через их преломление и тесную взаимозависимость со средствами массовой информации.

**Методологической основой исследования** является комплекс общенаучных и специальных исторических методов исследования. Главным методологическим принципом диссертационного исследования явился историзм в сочетании с объективностью и проблемно-логическим анализом исследуемой темы.

**Полученные результаты и их новизна.** Впервые в диссертационном исследовании изучен значительный пласт истории отечественной и зарубежной периодической печати, материалы информационно-аналитического бюллетеня Ассамблеи народа Кыргызстана (АНК) «Этнический мир». Соискателем исследован материал за период 1998-2006 гг.- всего 28 выпусков- 1376 страниц и газетных публикаций более 10 изданий союзного и республиканского значения. Впервые в отечественной историографии систематизирован материал истории межэтнических отношений по страницам СМИ.

**Рекомендации по использованию.** Диссертационное исследование и сделанные на его основе выводы могут быть использованы для дальнейшего, более тщательного исследования места и роли СМИ в развитии межэтнических отношений в Кыргызстане.

**Область применения.** Основные выводы и положения диссертации могут быть использованы в практической деятельности органами госуправления, журналистами, преподавателями и т.д


## SUMMARY

Dissertation by Atykanova Dzhamilya Askarbekovna: "The History of Reflecting Interethnic Relations in the Media of Sovereign Kyrgyzstan (1990-2010)" For the degree of Candidate of Historical Sciences 07.00.02 – National History.

**Key words:** Interethnic relations, media, state-forming nation, diaspora, ethnic minorities, Kyrgyz Republic, ethnic information, ethnic journalism, ethnicity, nation, people, ethnic group, ethnic identity, interethnic conflict.

**Object of study**: Interethnic relations in the media of the Kyrgyz Republic.

**Subject of the research:** The history of reflecting interethnic relations in the media of sovereign Kyrgyzstan during the period 1990-2010, essential analysis of terms and categories related to the field of interethnic relations and their reflection and interpretation in the media; political processes concerning interethnic relations, analysis, and evaluation of local and large-scale interethnic conflicts during the studied period.

**Purpose of the study:** Through a substantive analysis of the history of reflecting interethnic relations in the media, determine the state, problems, trends, place, and role of the media and interethnic relations in Kyrgyzstan through their reflection and close interdependence with the media.

**The methodological basis:** The methodological basis of the dissertation consists of a complex of general scientific and special historical research methods. The main methodological principle of the dissertation research is historicism combined with objectivity and problem-logical analysis of the studied topic.

**The result obtained and their novelty:** For the first time in dissertation research, a significant layer of the history of domestic and foreign periodicals has been studied, including materials from the information-analytical bulletin of the Assembly of the People of Kyrgyzstan (ANK) "Ethnic World." The researcher studied materials for the period 1998-2006, totaling 28 issues (1376 pages) and newspaper publications from more than 10 union and republican publications. For the first time in domestic historiography, material on the history of interethnic relations is systematized through the pages of the media.

**Recommendation for use:** The dissertation research and its conclusions can be used for further, more thorough research on the place and role of the media in the development of interethnic relations in Kyrgyzstan.

**Scope of application:** The main conclusions and provisions of the dissertation can be used in practical activities by government bodies, journalists, educators, etc.